КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
КЕМИН РАЙОНУ
КИЧИ-КЕМИН АЙЫЛДЫК
КЕНЕШ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
КЕМИНСКИЙ РАЙОН
КИЧИ-КЕМИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Кичи- Кемин айылдык Кеңешинин депутаттарынын кезексиз сессиясы**

2024-жыл 25-апрель №7/1 Кичи-Кемин а.

Чүй облусунун Кемин районунун Кичи- Кемин айыл аймагында 2024-жылдын 23-апрелиндеболгон жаандын кесепетинен ташкынды суулар пайда болуп зыян келген жер тилкелерин жана там турак жай сарайларга келтирилген чыгымдарды тактоо боюнча Кичи- Кемин айылдык Кеңеши талкулап, карап чыгып төмөнкүчө:

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.2024-жылдын 24-апрелинде Кичи-Кемин айыл өкмөтү тарабынан жаандын кесепетинен жабыркаган жер тилкелеринин жана сарайларды тактоо боюнча комиссия курамынын актысында көрсөтүлгөн ОсОО "Терек- Таш" тын курулуп жаткан жолдорунун жээгинде суу агып кетүүчү каналдарда ташкындаган суу агып кетүүчү кошумча арыктардын жоктугуна байланыштуу болгондугунун себебин эске алуу менен, Кичи- Кемин айыл өкмөтү тарабынан Кемин райондук Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн чыгымдын көлөмүн аныктоочу корутундусунун негизинде ОсОО "Терек-Таш" ка келтирилген чыгымдарды төлөтүп берүү боюнча кайрылуу жазалсын.

2.Усубалиев Дайырбекке караштуу отун сарайына келтирилген чыгымын Кемин райондук Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн чыгымдын көлөмүн аныктоочу корутундусунун негизинде ОсОО "Терек-Таш" ка келтирилген чыгымдарды төлөтүп берүү боюнча кайрылуу жазалсын.

3.Токтомдун аткарылышын жана көзөмөлдө алуу жагы Кичи- Кемин айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Э.М. Орозбаков**

Сканировано с CamScanner